С(кирг)
Б ия

ЖАЙЛООБЕК БЕКНИЯЗОВ

# ЖЫЛУУ ТАШ



ЛИСТОК СРОКА ВОЗВРАТА

КНИГА ДОЛЖНА БЫТЬ ВОЗВРАЩЕНА НЕ ПОЗЖЕ УКАЗАННОГО ЗДЕСЬ СРОКА

Колич. пред. выдач ____________

84Ки7
Б-42.
8860
Бекнизов К.

ЖАЙЛООБЕК БЕКНИЯЗОВ




# ЫРЛАР, ТАБЫШМАКТАР, ЖАҢЫЛМАЧТАР

ФРУНЗЕ
«МЕКТЕП»
1983

ЦЛБ 8850

84.98 Ки 7
Б 42

Мектеп жашындагы кенже балдар үчүн

Б 42 Бекниязов Жайлообек.
Жылуу таш: Ырлар, табышмактар, жаңылмачтар. Мектеп жашындагы кенже балдар үчүн. — Ф.: Мектеп, 1982.— 64 бет.

Акын Жайлообек Бекниязовдун бул жыйнагына балдарга арнап жазылган ар кыл темадагы ырлары, табышмактары жана жаңылмачтары топтолду. Автор ырларында балдардын кулк-мүнөзүн таамай мүнөздөсө, табышмактары, жаңылмачтары аркылуу аларды өз алдынча ой жүгүртүүгө чакырат.

Б $\frac{70803—237}{М\ 452\ (17)—83}$ 193.83.4803010200

С(Кирг)2
ББК 84.98 Ки 7

Рецензиялаган Омор Сооронов.

© «Мектеп» басмасы, 1983-ж.

# ЫРЛАР





## БИЗ БАКТЫЛУУ БАЛДАРБЫЗ

Октябрдын балдарыбыз,
Оттой желек алабыз.
Бийик биздин максатыбыз,
Билим менен барабыз,

Желегибиз көкөлөсүн
Күнгө жакын кылактап.
Күндөй бизге нурун чачкан
Партияга ыракмат.

Комуз чертип, «Манас» айтып,
Эл атагын колдойбуз.
Ырдап, бийлеп, тегеренип
Шаңдуу шайыр жолдобуз.

Атын айтып Лениндин,
Биз космосту беттейбиз.
Алыстагы жылдыздардан
Ата-журтту эстейбиз.

## БИЙИК ҮЙДӨ ТУРАБЫЗ

Байкемдер шаарга
Эң бийик там курган.
Жыгылбайт ал үйлөр
Шамалдан, жамгырдан.

Кышында жыпжылуу,
Жайында салкын ал.

Бир колхоз бүт келсең
Батасың жалпыңар.

Мынакей, кран бу,
Бурасаң суу акты.
Салдыбы эсиңе
Мөлтүрөк булакты.

Мынабу терезе,
Жабылат, ачылат.
Жылкычы таякем
Мейманга келиптир,
Кетем деп ашыгат.

— Каалаган кабатка,
Заматта алпарат
Лифт деген жарыктык,—
Чоң апам тамшанат.

Чоң апам экөөбүз
Балконго чыгабыз.
Тоо жактан келген жел —
Ырларын угабыз.

## БААТЫР КОҢУЗ БАЯНЫ

Тоголотуп топону,
Топ ойносо болобу.
Бизге көңүл бурбаган
Коңуз жолун тосолу.

Муруттары сербейген,
Ойлогонун бербеген
Өжөр коңуз көрүнөт,
Араң жүрүп жер менен.

Куурай койдук жолуна,
Кум жүктөдүк жонуна.
Ыйлаган жок ал коңуз
Ылажысы жогуна.

Чөпкө калбай байланып,
Чекте турбай байралып,
Коңуз барат алдыга
Биз чуркайбыз айланып.

Кулап жолдо кум калды,
Ашып өттү куурайды.
Аракетчил тынбаган
Баатыр коңуз турбайбы.

Кетти үйүнө ал коңуз.
Биз көңүлдүү ойнойбуз.
Кичинекей жандарга
Тийбей турган болгонбуз.

## ТООГО ЧЫКТЫК

Тоого чыктык бүгүн биз
Тоо гүлдөрүн көрүүгө.
Көздөр чуркап кеткендей
Кызыл, сары, көгүнө.

Ак гүлдөрдөн бирди үзүп,
Кызылынан бирди үзүп,
Жыттап жаттык кубанып
Мурундарга тийгизип.

Жел терметип гүлдөрдү
Жерге жакын ийилтет.
Көпкөк асман, ак чоку
Көңүлүңдү сүйүнтөт.

Ташка чыгып олтуруп
Талаа жакты карадык.
Тоодой бийик көрүнөт
Татынакай балалык.

## ЖАМГЫР

Алыстагы деңизден,
Ачык талаа тараптан.
Бизге келди булуттар
Тобу менен бараткан.

Бутактарды ургулап
Аңыздарды тебелеп.
Жүрдү жамгыр кубанып
Төгүп кайра себелеп.

Биз чуркадык, жыңайлак,
Жылаңбашпыз, ачык иш.
Өссө экен деп боюбуз,
Өсөбү деп чачыбыз.

## САМАН

Бир дөңгөлөк араба,
Салып кетип баратам.
Жарты тутам саманды
Таңып кетип баратам.

Ат сарайдын жанынан
Карып чыкты жөтөлүп.
Мени жолдон токтотуп,
Кармап алды көтөрүп.

Бир араба саманды
Кантип таңып алдың дейт.
Дүнүйөсүн колхоздун
Түгөткөнү калдың дейт.

Мен уялып жер карайм:
«Тийдим колхоз мүлкүнө».
Коё берип жолума
Чоңдор тунат күлкүгө.

## БАШТАҢ

Асылбектин үйүнө
Таңмак болдук баштаңды.
Камыр жууруп Төлөмүш,
Картөшкө аарчып Узакбай
Бир кызык иш башталды.

Шашып кыйын болууга
Шашка ойнодук мелдешип.
Утулгандар от жагат
Чатакташып, элдешип.

Бир кезекте ал утуп,
Бир кезекте мен утуп...
Калыптырбыз казанды
Биз таптакыр унутуп.

Көптөн кийин карасак
Камыр калган кармалбай,
Картөшкөсү тандалбай.
Такыр тузу жок экен
Болдук беле салгандай.

## БАЛЫКЧЫЛАР

Биз балыкка биринчи
Бардык, билбейм, иш кылып.
Таяктардын учуна
Мыктан урдук шиш кылып.

Качат балык жылт этип,
Ташты оодарып бурганда.
Суу чачырайт асманга
Таяк менен урганда.

Курсак ачты, чарчадык,
Таштар койду күчтү алып.
Кечке чейин кармадык
Чыпалактай үч балык.

## КООН УУРДАГАНДА

Мен, Узакбай, Төлөмүш
Болдук коон уурдамай.
Ай чыкканда барыппыз,
Жолду басып бир далай.

2—423

Бакчачынын кандеги
Токтоткондо үргөнүн.
Бирден коон ородук
Ич жагына күрмөнүн.

Коондорду апкелип,
Жарык жерде көрөбүз.
Ашкабакты көтөрүп
Келген экен Төлөмүш.

## БАЙЛАМТА

Жайдын ысык күнүндө
Суудан артык эмне бар.
Ташты тизип чым коюп
Жасап алган көлмө бар.

Чекесине жеткиче
Көйнөк, шымды чечебиз.
Ракетадай сайылып
Сууга кирип кетебиз.

Анан чыгып дөбөгө,
Кучактайбыз нурларды.
Жакшы көрөт денебиз,—
Суу, күн деген жыргалды.

Кыялданып отуруп
Көп кызыкка жетебиз.
Ысып кетсе денебиз,
Сууга кирип кетебиз.

## БҮЛДҮРКӨН

Жардын ичи бүлдүркөн
Жүр биз менен, терели.
Жар боорунда уялар,
Жакын барып көрөлү.

Мына жарга келдик биз,
Карлыгачтар бат учат.
Кайып келсе бирөөсү,
Кайып кетип жатышат.

Чырмалышкан сабакты
Балдар кечип аралайт.
Сүйлөшкөнгө чоло жок
Бирин-бири карабайт.

Көпкө жүрдүк кубанып,
Мындай кызык бар белем.
Кечке жакын болгондо
Бүлдүркөнгө тойгондо
Биз коштоштук жар менен.

## КУРУУЧУЛАР

Сууну куюп кочуштап,
Ылай кылдык чаңдан биз.
Шириңкенин кутусун
Калып кылып алганбыз.

Калып менен кыш куюп,
Катар катар коёбуз.
Кызыгына оюндун
Билбейм, качан тоёбуз?

Кышты кынап кыш менен
Бийик бир там курмакпыз.
Айша, Токон, үчөөбүз
Ошол үйдө турмакпыз.
Көйнөк, шымды карасак
Келиштире булгаппыз.

## КӨЛ ЖЭЭГИНДЕ

Көлдү карап кечте мен,
Көлдү карап түштө мен,
Калдыбы дейм адамдар
Ушу көлгө түшпөгөн.

Жатып кумга оронуп
Кээде өзүмчө сүйлөнөм.
Ким калды экен бу жерде,
Эс албаган, күйбөгөн.

Жайдын ар бир саатын
Эмне менен теңесем?!
Чолоосу жок келалбайт
Пахта айдаган тайакем,
Кызылчада жеңекем.

## КҮЗГҮ

Мен күзгүнү карасам
Карайт мени бир бала.
Батинке, шым баары кир
Көйнөк кеткен балбалап.

Ошол бала кийин да
Мени карап отурат.
Кайдан келди болду экен,
Бети башы топурак.

Абайласам акырын,
Ошол бала мен экем.
Таза жүргүн деп айтчу
Күндө үч маал энекем.

Кеп жолобой кулакка
Кеткен менден каталык.
Күзгү менен достошуп
Келди мага тазалык.

## АЛМАЛАР

Агынан бир тиштесем,
Кызылынан тиштесем...
Таттуу болот алмалар
Ала жаздан иштесең.

Агынан жеп жай бою,
Сактап коём кызылын.
Бак өстүрүү сонун иш
Баалай билсең кызыгын.

Жазда түбүн жумшартып,
Курт жолотпой багамын.
Баасын кантип айтасың
Бак ичинде абанын.

Араласам алар да
Мага көңүл бургансыйт.
Алыс жакка баратсам
Кол булгалап тургансыйт.

## ЖАЗЫЛГАНДЫ УНУТПАЙМ

«Байчечекей» окусам
Байыйт оюм, тилегим.
Укпаганды угамын
Билбегенди билемин.

Жаттап алам ырларын,
Табышмагын табамын.
Жаз гүлүндөй жадырап
Өсүп турган баламын.

Узун күндө окуймун,
Уктаарымда бир карап,
Журналымдан — досумдан
Калтырбаймын бир барак.

Акыл айтат, күлдүрөт,
Ырдайт куштай сайраган.
Журналы жок балдарга
Көрсөтөм да кайра алам.

## ЧҮКӨЛӨР

Кызыл, көгүн, сарысын,
Тигип коюп барысын.
Атып жатты Аманбай,
Керип улам арышын.

Чекке коюп такасын,
Мээлеп калат сакасын.
Чатакташа кетебиз:
«Чала басып жатасың!»

Алат ченеп тамандап,
Мен утулуп калам бат.
«Агай көрүп коёт» деп,
Коркуп жаттык алаңдап.

Оюн улам узарып,
Күн да батты кызарып.
Эки алганда сабактан
Тер чыгарды ызалык.

## ЖАЛГАНБАЙ

Баарын билип алгандай,
Эч нерсеге таңкалбай,
Жашайт биздин айылда
Жакшы досум Жалганбай.

Таза кийим жарашып,
Балдар ойноп баратып,
Жалт бурулуп өтүшөт
Жалганбайды карашып.

Себеби анын момунда,
Оюн кызык, сонун да.
Жалган бирок кошулбайт
Андай кезде момун да.

Бирок балдар кеткенде,
Эч ким жокто эч жерде,
Чыркыратат чымчыкты
Тузак тартат кептерге.

Таш чөнтөктө шылдырап,
Терезени сындырат.
Жалгыз ойноп күн бою
Жалган көөнүн тындырат.

Атты көрсө бир чабат,
Уйду көрсө бир чабат,
Жандуу көрсө өчөшкөн
Жалган качан тынч алат.

Кумарларын таратып,
Балдар кайра баратып.
Башка жолго салышат
Жалганбайды карашып.

Жакшы мүнөз карманбай,
Жан чыдагыс балбандай,
Көрсөтөм дейт аларга
Көктүк кылып Жалганбай.

Эжелери айтышат,
Агайлары айтышат,
Жаман жакка тез барып,
Жакшы жолго жай түшөт.

Жармач ойго алданбай,
Жаман делип тандалбай,
Жакшы сөзгө кулак сал
Менин досум Жалганбай.

## СУУСАМЫРГА БАРГАН ЖОЛ

Орундалды ошентип
Ой тилектер мендеги...
Жайлоодогу байкеңе
Апам барып кел деди.

Чапан камдап бирөөбүз,
Чай, кант камдап бирөөбүз,
Чакчелекей шашылыш
Даярданып жүрөбүз.

Барайын дейм көйнөкчөн,
Апам тонуң алгын дейт.
— Күн ысык,— деп болбосом,
— Сен күмүрөн калгын,—дейт.

Жайтаманчан чуркасам
Токтотушту кайрадан.
Өтүк кийдим килейтип
Бул ысыкта кайнаган.

Үстү ачык машина
Түшүп кетип баратам.
Ыркыраган шамалда
Үшүп кетип баратам.

Сууну бойлоп тасма жол
Имерилет асканы.
Аскалардан арыта
Асман тиреп жатышат
Бул тоолордун баштары.

Канат сермеп жай гана
Бир куш жүрөт бийикте.
Ашып тигил кырларды
Баргым келет кийикке.

Ташты басып акыры,
Барсам кийик качпаса
Мени көрүп ойлосо:
«Бул ким такыр башкача,

Мергенчиби десек биз
Мылтыгы жок колунда.
Альпинист да эместей
Таңгагы жок жонунда».

— Кант, чайы бар ичинде,
Мына менин баштыгым.
Өмүрүмдө силерге
Болбойт менин кастыгым.

Деп сүйлөшүп турсак биз
Жолдоштордой кыйышпас.
Тоолор бизди жактырса
Бири бийик, бир пас.

Кубанычтуу элестер
Калбайт мени такымдап.
Ийри-буйру жол менен
Биз аңгыча ашууга
Калыптырбыз жакындап.

Ашуу жөнүн илгерки
Чоң атамдар айтышкан.
А кудайлап өтүшчү,
Кээде өталбай кайтышкан.

Ал ашууну элестет —
Татаал, тайгак жолдосуң.
Бийик тоонун кырында
Бороон болот жолдошуң.

Айдап алган малыңдын
Чети кайда ким билет.
«Ойт!» дегенде «О-о-о» лойт,
Тоо арасы дүңгүрөп.

Бирок азыр ашуунун
Кейпи такыр башкача.
Чүкө ойносоң болгудай
Жолу даңгыр таптаза.

Тешкен тоонун ичине
Чырак койгон күйгүзүп.
Ичи салкын, дабыштар
Жаңырыктайт бир кызык.

Күндүз туруи «түн» түшкөн
Жолдор менен барып көн.
Ар жагына чыкканда
Кайра дүйнө жарык, кең.

Мына, кара, Суусамыр
Окшойт алтын аякка.
Миллиондоп мал барат,
Алар кеткен каякка.

3—423

ЦЛБ 8860

Белге жеткен адамдар
Түшөт жерге ырымга.
Тургансыйсың ошондо
Алтын аяк кырында.

Ак чокулар түбүндө
Салкын жайлоо төрү бар.
Аскаларда кийик бар,
Колоттордо бөрү бар.

Баарынан көп бу жерде
Колхоз, совхоз кою бар.
Чабан болсом деп жүргөн
Көп балдардын ою бар.

Чабандыкка жеталбай
Жүргөн элди көп көрөм.
Эмне болом чоңойсом
Деп ойлонуп мен дагы
Далай кечти өткөрөм.

Ушул алтын аяктан
Ата бабаң суу ичкен.
Дуулап кээде жүрүшсө
Куурап кээде жүрүшкөн.

Нечен сопун окуя,
Нечен албан иш өткөн.
Кечээ эле жакында
Кожомкулдай киши өткөн.

Балбан, баатыр, акындар
Эл сыймыгы, эл шаңы.
Кожомкулду бу күндө
Көрмөк экен жер шары.

Жол жүргөндө ойлорду
Салыш кыйын бир ыкка.
Антип-минтип дегиче
Келип калдык Тунукка.

Бийиктеги жайлоого
Келиш кыйын жол экен.

Бирок мында жашаган
Кооз гүлдөр мол экен.

Өтүп кеткен жаз мезгил
Мында алиге өтө элек.
Ачып жумуп канатын
Агыш көгүш гүлдөрдү
Тандап жүрөт көпөлөк.

Өтүп кеткен майрамдар
Мында алиге өтө элек.
Бир көңүлүң көк чөптө
Бир көңүлүң асманда
Учуп жүрөт көкөлөп.

Учкул мезгил өзүнүн
Токтоткондой агымын.
Жол жүргөнгө ылайык
Жасалгалуу боз үйлөр
Жоготпоптур жагымын.

Күрпүлдөгөн убакыт
Жайлаткандай агымын...
Кыйкырыксыз жашаган
Карап көргүн балыгын.

Жамгыр төгүп булуттан,
Жаш чөп өсөт чымырап.
Асман аппак жомогун
Айтат жерге шыбырап.

Аздан кайра ачылып,
Шүүдүрүмдө күн турат.
Ак гүл, көк гүл, сары гүл,
Кулпурат да кулпурат.

Шаңдуу, салкын бу дүйнө—
Шаардыктын тилеги.
Жабык турган боз үйдүн
Жүр ичине кирели.

Ачып кирсең эшиги
Автоматтай жабылат.
Очок кетип ортодон,
Газ плита жагылат.

Керегени, уукту
Музейден да көргөзөт.
Бирок мында шырдактын
Астын ачсаң чөп өсөт.

Шаардакы үйүңдөй
Жыгач болбойт жылтырак.
Анын баары бу жерде
Аз күндө эле жыртылат.

Эң жөнөкөй бардыгы,
Керек жашоо, жумушка.
Суу кошулбайт сүтүнө,
Ун кошулбайт кымызка.

Эң жөнөкой бардыгы,
Чөп да, суу да чыныгы.
Кардың ачып суусасаң,
Тосуп тургун чыныны.

Ушул жерде өткөрөм
Каникулдун күндөрүн.
Улар менен достошуп
Терип алам гүлдөрүн.

## ЖЫЛ — ОН ЭКИ АЙ

### Январь

Он эки айды баштаган
Окуу, иштен качпаган
Олпок карын ачпаган
Турат мына январь.

Аппак болуп адырлар
Ак каптады түздү да

Конькилерди алып жүр
Дайра бети күзгү да.

Таза баары татына
Күмүш тоолор, ай, асман.
Көк түбүндө көп жылдыз
Дирилдешет аяздан.

Жылды түгөл баштаган
Жылгаяктан качпаган
Жылчыгы жок каптаган
Келди мына январь.

### Февраль

Жаздан али дайын жок,
Ыйлайт бороон, үшкүрүп.
Жатат канча жандыктар
Кар астында түш көрүп.

Ал жандыктар түшүндө
Ак гүлдөрдү көп көрөт.
Гүлү кетип мөмөлөр
Бышса терип жеп көрөт.

Таттуу шире тамчылайт
Урттардан, салаадан...
Бирок али ышкырат
Аппак бороон талаадан.

Мейли бороон ышкырып,
Кырды көөмп таштасын.
Кар көп болсо жемиш көп
Билбейм андан башкасын.

### Март

Миң тамчыны ким курап
Бир нук менен жылдырат.
Арабанын издерин

Арык кылып алышып
Агат суулар шылдырап.

Жылуу жарык күндөрүм,
Көпкө күтүп жүргөмүн.
Чубап ойнойт мышыгым
Күн чубактап отурган
Чоң апамдын түйдөгүн.

Кошуп, алып экиден,
Мен да аштым жетиден.
Жасап алган кагаздан
Коё берем кемемди
Көлмөлөрдүн четинен.

## Апрель

Бөксөдө кар түгөнүп
Дөңдөр күнгө золӧкактанат.
Жел уюлгуп жүрөт да
Токтойт
Ойнойт
Мактанат.

Чикит чаптык, жүгүрдүк
Качкан топту кубалап.
Чоңдор эмне ойнобой,
Бизди карап кубанат.

Мелтиреген талаанын
Чеги кайда болду экен?
Тоо үстүнө ак карды
Ким алпарып койду экен.

Ойлоп ойлоп буларды
Алыс барам, күлүкмүн.
Түндө жатып түш көрсөм
Күндү минип жүрүпмүн.

## Май

Адыр жашыл,
Түз жашыл,
Жашаргандай таш дагы.
Карагайлар унуткан
Кар бороонду баштагы.

Кең талаага жан кирген
Келди мезгил кайрадан.
Айтат муну ашыгып
Ар бир чымчык сайраган.

Көлдү бойлоор кез келди
Кайырмактар чубалып.
Айтат муну балыктар
Суудан башын чыгарып.

Жактырышат бул кездин
Салкындыгын
Ысыгын.
Жомок кылат боз торгой
Жаз айынын кызыгын.

## Июнь

Жүрүшкө чык бул айда
Мекениңди таанып ал...
Баштыгыңды унутпа
Айран, токоч салып ал.

Тоону көздөй барасың,
Кырга чыгып дем алгын.
Узак сапар алдыда
Токочуңдан жеп алгын.

Арт жагыңды карасаң
Алаканга салгандай.
Тоолор дагы чакырат,
Айыл дагы чакырат
Айтар сөзү калгандай.

Барсаң, мүмкүн, бийиктеп,
Түркүн жанга кезигүүң.
Ушул азыр башталат
Ушул күндөн такшалат
Ата-журтка сезимиң.

### Июль

Канча эрте турсам да
Менден мурда күн турат.
Канган өңдүү нурларга
Тал теректер тим турат.

Атам кеткен жумушка,
Апам кеткен жумушка.
Мен, чоңапам, көк музоо,
Бара элекпиз жумушка.
Оюн кызыйт короодо,
Мына коңуз, кумурска.

Көпөлөктөр кыдырат
Көк беденин гүлдөрүн.
Талаа жаттап жаткансыйт
Бөдөнөнүн үндөрүн.

Ысык кумда кактанып,
Ссуга түшөм түштө мен.
Ооруганды билбеймин
Күнгө күйгөн бүт денем.

### Август

Сайдан ары баратсам
Сары гүлдөр катыптыр.
Кең талаада ак саман
Чөк чөк болуп жатыптыр.

Талаа чети тапталып
Татынакай жол экен.

Комбайнды башкарган
Байкем кайда болду экен?

Кылка кылка тигилген
Кызылчанын солу экен.
Эрте кеткен талаага
Эжем кайда болду экен?

Алар чексиз дүйнөгө
Аралашып кеткендей.
Чоңойсом деп батыраак
Жүрөм азыр талаада
Эч нерсеге эп келбей.

## Сентябрь

Куйкалаган ысык жок,
Куруштурган суук жок.
Ойлуу турат айлана,
Ойлоруна бол орток.

Боёктору бир кызык:
Сары жашыл, же кызыл.
Жай эмес да кыш эмес
Жакшынакай кез ушул.

Көргөн көзду сүйүнтөт,
Ким коздоп кийинтет.
Ала бөйрөк алмалар
Бутактарды ийилтет.

Дарбыз десең дарбыз бар,
Коон десең коон бар.
Аппак кышта эсиңе
Келип турат ушулар.

## Октябрь

Көлмөлөргө көп кайык
Бактан түшүп калкыды.
Көркү сонун токойдун
Кетип жатат алтыны.

Көлмөлөрдө калкыган
Кайыктарды айдайын.
Кайыгымдын башына
Кызыл желек байлайын.

Кайыктарым калкысын
Алыс-алыс жактарга.
Сары, жашыл жалбырак
Калбай барат бактарда.

Күндөр жылуу, түн салкын
Кыроо турат чөптөргө.
Кетип жатат турналар,
Кетип жатат бөктөргө.

Өзөн, токой талаалар
Өзгөртүптүр бүт өңүн.
Канат каккан досторум,
Кай тарапка кеттиңер,
Жаз келгенде күтөмүн.

## Ноябрь

Чокуларды кар басып,
Булут көчөт бийиктен.
Таңда дарак чөптөрдү
Ким күмүшкө кийинткен.

Алыс-алыс талаадан
Аба муздак, жел келет.
Таранчылар кужулдайт
Тамдын түбүн термелеп.

Тоодон чыккан күн күлүп
Топуракты жылытат.
Тор ичинде тооктор
Жем жейбиз деп турушат.

Муз каптаган суулардын
Күңүрт чыгат ырлары.
Күздүн кеткен белгиси,
Кыштын келе турганы.

### Декабрь

Таң каларлык тазалык,
Жүр көчөгө басалык.
Там, дарактар ак кийип
Калган тура жасанып.

Кармайм десең кармалбай,
Карда сүрөт ар кандай.
Жылт-жулт этет сансыз от
Жылдыз түшүп калгандай.

Кечке ойнойсуң тебелеп,
Кечте коёт себелеп.
Эң бир сонун бу нерсе
Эмне менен теңелет.

Адыр, талаа, түздөр ак,
Аба муздак кычырап.
Тымтырстыкты жактырган
Татынакай бул убак.

### ЖОЛУГУШУУ

Тоодон келе жатып биз
Токтой калып карасак.
Сол тарапта бир жылан
Сойлоп кетип баратат.

Андан мындан таш издеп,
Балдар карап турбады.
Даярданып жүрүштү
Далдап-далдап урганы.

Балким анын үйүндө
Баласы бар, ким билет.
Бизди күтүп апалар
Күндө үч маал дилдирек.

Балким аны атасы
Ойноп кел деп чыгарган.
Өлтүргөндө чабалды,
Чыгабызбы кумардан.

Мен ичимден бекидим
Шертти бузбай турууга.
Болбойт дедим бирөөнү
Көптөн келип уруугa.

## ЧЫМЧЫК

Үйүр кылып алам деп
Үйгө бактым чымчыкты.
Канча тамак берсем да
Ал аёолуу унчукту.

Каалаганы эмне экен,
Консервадыр, балыктыр.
Эртең менен карасам.
Ал сенейип калыптыр.

Жерди казып төрт эли
Жатаар жерин даярдап,
Көөмп койдум байкушту
Эң этиет, аярлап.

Кемчиликти мендеги
Кийинчерээк ойлодум.
Эркин учкан немени
Бекер камап койгомун.

## КОМСОМОЛ — БИЗДИН АГАБЫЗ

(ВЛКСМдин алтымыш жылдыгына)

Комсомол биздин агабыз
Куттуу болсун майрамың.
Кубанып карап калабыз,
Желбиресе байрагың.

Алдыдагы ай жылдар
Жеңиштерге жык толсун.

Жаркыраган бул заман
Жашай берсин, кут болсун.

Коммунисттик партия
Сылайт бизди көкүлдөн.
Алтымыш жыл арттагы
Эрдик менен өтүлгөн.

Биз ырдайбыз, ойнойбуз,
Күндү, тоону даңктайбыз.
Камкордугун мекендин
«5» «4» менен актайбыз.

## ТУУГАНДАРЫМ

Мен билбеген балдарды,
Мен билбеген чалдарды,
— Туугандарың, — деп атам,
Ошондо бир алдады.

— Бөлүп жеген алманы
Бир көчөнүн балдары —
Туугандарым, — деп айтсам
Атам кулак салбады.

Сергей, Тофик, Каримжан
Чогулабыз таңынан...
Көрбөй калсам эки күн
Жалгызсырап сагынам.

Ал айылда тургандар
Туугандарым, туугандар.
Бирок кандай аталат
Мага жакын бу балдар.

Атам эмес күнөөлү,
Өгөйлөтпөй бирөөнү
Өзгө жатка бөлбөстөн
Тууган кылып жүрөлү.

## КЫЙЫН СУРОО

Кызык, сонун кептерди,
Атам мага көп айтат.
— Чоңойгондо эр жетип
Ким болосуң, — деп айтат.

Мен ойлонуп каламын,
Жооп табуу кыйын да.
Балким учам асманга,
Балким барам уюлга.

Бирок сөзсүз сыйлаймын
Кары кемпир, чалдарды.
Ыйлатпаймын чыр кылып
Кичинекей балдарды.

Ким боломун чоңойсом?
Кыйын суроо келди де.
Жашартамын дүйнөнү,
Мага убакты бергиле.

## ЖЫЛУУ ТАШ

Чаңды кечип жүрөмүн
Чыйылдаган ысыкта.
Чарчабаймын оюндан,
Оюн деген кызык да.

Таштар, суулар жана чаң
Колун созуп тургандай.
Эртең менен ойгонсом
Жолум тосуп тургандай.

Ар бир ташы айылдын
Сулуулугун билемин.
Колдорундай апамдын
Жылуулугун билемин.

Чыккым келет тоолорго,
Баргым келет арылап.

Тажабаймын таштардан,
Бутум кээде жарылат.

Жаратына чаң себем
Кирбейт тикен, чөңөрүң.
Жата калып суу ичсем
Мен өзүмдү көрөмүн.

## КУТТУУ БОЛСУН МАЙРАМЫҢ

(Пионер уюмунун алтымыш жылдыгына)

Күндүн нуру чачырап
Күлөт тоонун учтары.
Чоң жол менен келебиз,
Чоңоёбуз биз дагы.

Чоктой жагоо тагынып
Пионерлер баратат.
Кызыл кызыл гүл болуп
Кызыктырып каратат.

Алар биздин эжебиз,
Алар биздин агабыз.
Талбай окуп сабакты
Тарбиясын алабыз.

Аталардын кызыл туу
Алгалаган түр берет.
Ошол туудай жагоону
Биз тагынган күн келет.

Комсомолдор улуу калк,
Ким тең келет күчүнө.
Пионерлер иниси,
Биз алардан кичине.

Пионерлер парадда,
Марштын күүсүн угабыз.
Куттуу болсун майрамы,
Гүлдөр кармап турабыз.

## КҮЧ СЫНАШЫП КӨРӨЛҮ

(Оюндар)

Күчтүү ашып алдыга
Күчү жоктор калалы,
Төрт аяктап марага
Күчүк болуп баралы.

Шамал менен жарышкан
Шамдагайлар биз элек.
Ким бат чуркайт, көрөлү
Эки аяктап тизелеп.

Жөн жарышсак балким мен
Коём сага жеткирип,
Кел чуркашып көрөлү
Жалгыз буттап секирип.

Тамандарды тийгизип,
Колдон кармап тарталы.
Балдар карап турушсун,
Балбандыкты байкайлы.

Колдор өтүп колтуктан
Жондор турсун жөлөнүп.
Бир отуруп, бир туруп,
Бул оюнду көрөлүк.

Мен отуруп сен туруп,
Кезектешип ойнойлу.
Колу буту илмийген,
Начарлардан болбойлу.

## ЖААГАН КАР

Жаап жатат аппак кар,
Жааганында маани бар.
Суудан, күндөн бозоргон
Сулуу тартат сарайлар.

Себелеген аппак кар
Сепкенинде маани бар.

Кебез болуп калыптыр,
Чаң жамынган чатырлар.

Тегеренип келгени
Эске салат эмнени?
Күз, кыш болуп ар дайым
Алмашылат дегени.

Үнсүз келип конгону,
Үйрөткөндөй, болжолу.
Үйлөр, талаа, тоолордун
Үзүлбөсүн ойлору.

Көп кар келет асмандан
Көрө албаймын аягын.
Аппак карды тосом деп
Алаканым жаямын.

## ТҮНДӨ КИМДЕР УКТАБАЙТ

Тешебайдын курсагы
Ооруйт кайра, басылып.
Түндү жиреп жарыгы
Жардам келет шашылып.

Кораблдер космосто
Калкып жүрөт балыктай
Аппараттар, кишилер,
Жерден карайт талыкпай.

Талааларда күн күйгөн,
Тоо ичинде кар баскан.
Чек араны кайтарат
Жоокер көзүн албастан.

Күндүз өтөт кемелер,
Түндө өтөт кемелер.
Эгер маяк болбосо
Ташка урунат денелер.

Көөдөй асман бетинен
Көп жылдыздар карашат.
Эти кызып ээликкен
Аба лайнер эл ташып
Түндү жиреп баратат.

Ичи толо жүк ташыйт,
Ишим мекен үчүн деп.
Күнү түнү поёзддер
Күч аябайт күшүлдөп.

## ЖАЛГАНБАЙДЫН БИР КҮНҮ

Уктап-уктап Жалганбай
Узун түштөр көргөнү.
Эртең менен турганда
Кайда калат көйнөгү.

Түштөр кызык болсо да
Эстен чыгат, чыны жок.
Кийине албай отурат
Ким катты эле, шымы жок.

Жамгыр жаайт суук тап,
Алмашылып күн айы.
Кургабаптыр алиге
Батинкенин ылайы.

Эсеп деген кыйын иш:
«Кошуш керек эчеге?..»
Өзү үйдө олтурат
Ою жүрөт көчөдө.

Башка балдар беш алып
Макталганы көп болот.
Жалганбайдын бааларын
Экөөн кошсоң төрт болот.

Өзү ойногон оюн бар
Өзү билген жолу бар.
Кемчилигин Жалганбай
Оңдойм деген ою бар.

## «БАЙЧЕЧЕКЕЙ»

Ырларыңды окуймун,
Табышмагың табамын.
Татынакай сүрөткө
Таасирленип каламын.

Жомокторуң уланат
Жолдо бара жаткандай.
Туура сөзүң угулат
Тунук булак аккандай.

Окуу эмгек маанисин
Ойлонтосуң акырын.
Сени менен достошуп
Өсүп барат акылым.

Билим үчүн умтулган
Биз кичине балабыз.
Бири калбай класта
«Байчечекей» алабыз.

* * *

Сүрүп коюп тактаны,
Сүйлөгөнү, жазганы...
Сүйкүм жүздүү эжебиз
Сөз үйрөтө баштады.

«Ата» деген сөз жаздык,
«Апа» деген сөз жаздык.
Колдорубуз чарчады
Аябастан көп жаздык.

* * *

Моделибиз уча алат,
Моделибиз сүзө алат.
Биз ойлогон тилектер
Барган сайын күч алат.

Ойноп жатып ойлойбуз,
Укатап жатып ойлойбуз.
Келечекте бир күнү
Биз ааламды бойлойбуз.

* * *

Агабыздын соңунан,
Эжебиздин соңунан,
Биз пахтага бардык да
Терип кирдик солунан.

Кызыктырып аппагы
Тердик, тердик пахтаны...
План эми толот деп
Агай бизди мактады.

## КИМ БОЛОТ!

Жашыл дарак
 чөптөрдү
Жазып жүргөн ким болот?
Аска ташты аралап
Казып жүргөн ким болот?

Шамал минип шамалды
Багып жүргөн ким болот?
Жыгачтарга жармашып
Агып жүргөн ким болот?

Жашыл дарак жөнүндө
Жазып жүргөн биолог.
Аска ташты аралап
Казып жүргөн геолог.

Шамал минип шамалды
Жылкычылар багышат.
Сал айдаган адамдар
Дайра менен агышат.

## КОМБАЙН

Ысык күндө кайнаган,
Менин байкем айдаган
Комбайнды карачы,
Оруп, чаап аймаган.

Күнү кечке дырылдап,
Күү чертеби, ыр ырдап.
Келе жатса бакыйып,
Бөдөнөлөр, уядан
Уча качат пырылдап.

Токтоп калды:
    — Ойнойлу?
Байкем айтат:
    — Оңдойлу.
    — Бөдөнөнүн уясын
Айланып өтсө болбойбу?!

## ЧОҢ АПА

Кинолорго кызыкпайт,
Балмуздакты карабайт.
Жумшак колу башымды,
Сылайт, чачым аралайт.

Машиналар көп өткөн
Жолдон коркот чоң апам.
Көчөлөрдө казылган
Ордон коркот чоң апам.

Чырдашпаймын жөнү жок,
Чымчыктарды атпаймын.
Чоң көчөдөн өткөндө
Чоң апамды сактаймын.

## КУЛУН

Чуркаса шамал куюндай
Ат болбойт сыны кулундай
Жактырып калдым жылкыны
Жайлоодо жүрүп быйыл жай.

Элирет кулун, элирет
Арылап кетип, берилеп.
Жалынан сылап кант берсем
Куртулатып кемирет.
Караса мени көзүнөн
Ак калпагым көрүнөт.

## ЖАҢЫ БУЛАК

Капчыгайды аралап,
Тунук булак көрдүк биз,
Суусун ичип суктанып,
Үйгө айтып келдик биз.

— Апа, — деймин, аптыгып,
Булак таптык жапжаңы.
Бири калбай көрүнөт
Түбүндөгү таштары.

— А, айланайын,— дейт
апам,
Оюн бузуп ойлогон.
Ал булактын боюнда
Чоң атаңдын атасы
Он жашында ойногон.

* * *

Тулаң чөптөн жедирген,
Тунук суудан ичирген.
Менин атам кой багып
Даңктуу болду ишинен.

Тааныйт койду үнүнөн,
Тал коротпойт жүнүнөн.
Тоо кыркалай келатып
Толкуп жүрөк сүйүнөм.

# ТАБЫШМАКТАР





* * *

Адатта жөн турат  
бурасаң булак,  
Билгендер  
Дароо табат.  
Билбегендер жүрөр сурап.  
(Суу краны)

* * *

Күнүгө кой кайтарат  
тоо, таш басып,  
Сүйлөбөйт же бир күлбөйт ооз ачып.  
Кечинде чарчап келет башкалардай  
Бирок да тамак ичпей калат жатып.  
(Койчунун таягы)

* * *

Күн ачыкта кайда барсаң кошо барат,  
Үйгө кирсең ал кирбейт  
сыртта калат.  
Күн бүркөктө таппайсың ал досуңду  
Кимде болот, тапкыла,  
мындай адат?  
(Кишинин көлөкөсү)

* * *

Токуйт өзү эринбей жибин ийрип,  
Торун жайып,  
Үйүнө кетет кирип.  
Кыңылдаган ырчылар колго түшөт,  
Ар нерсени кызыгып карап жүрүп.  
(Жөргөмүш, чымын)

* * *

Таштай, муздай кебетең,
Татып көрсө ачуусуң.
Сени салса тамакка,
чыгарасың таттуусун.

(туз)

* * *

Карасам карайт,
Туурайт ойлонбой...
Көрсөтөсүң бардыгын
Болгонун болгондой.

(күзгү)

* * *

Байкалбайт кээде
Баалуу экендигиң.
Пайда берет курулушта
Көптүгүң, бекемдигиң.

(таш)

* * *

Жулуп кетсең калпакты
«Кап» деп кейип калабыз.
Бирок сууну, карды биз
Сен аркылуу алабыз.

(шамал)

* * *

Бар болот да
жок болот.
Мынтык атып октолот.
Кээде күчөп,
шатырап,
кээде тымып,
токтолот.

(Булут, чагылган, жамгыр)

* * *

Жамгыр бастап
акыры
күн көрүнөт жаркырап.
Кызыл,

сары,
көк боёк,
асман жерге тартылат.
(күндүн желеси)

* * *

Бири кетет алыска иши менен
экинчиси үйүндө
болуп күзөт.
Башкаларга эч качан унчукпастан
экөө гана бири-бирин түшүнүшөт.
(Кулпу, ачкыч)

* * *

Жайдын күнү керексиз
мокок бычак,
жата берип өзүнүн ичи бышат.
Кыштын күнү жаркылдап
көркү чыгат,
музга минсең шамалдай
алып учат.
(Коньки)

* * *

Ордунда турганда жаткысы келип
шылкылдайт,
жол жүргөндө жоргосу чыгып
кылтылдайт.
(Велосипед)

* * *

Кар баскан,
мелтирген
аппак талаа,
талаада жыланаяк бийчи бийлейт.
Жандырат табышмакты ойчул бала,
бийчинин басып кеткен изи сүйлөйт.
(Кагаз, калем, жазуу.)

* * *

Акырын жүрөт эч жакка шашылбай,
Кааласан кармайсың качырбай,

Бирок адаты бар башынан
Өз сөөгүнө өзү жашынмай.
(Ташбака)

* * *

Өзү жылма
Өңү серт,
Бирок бир топ айлалуу.
Урбагыла жөнү жок
Ал да бизге пайдалуу.
(Жылан).

* * *

Жайында жашыл чатыр,
Жыттасаң илеби атыр.
Жандырмагын караарсың
Таппасаң такыр.
(Дарак)

* * *

Кечикпей ишке чыгат,
Дүйнөнү жарык кылат
Табышмак татаал эмес
ойлогула
Тапкандар таппаганын күтө турат.
(Күн)

* * *

Ар түркүн сүрөт,
Асманда жүрөт,
Ар ким көргөн эрте кечте
Атын ким билет.
(Булут)

## *БУЛАР КИМДЕР?*

Кагаз сунсаң кант берет,
Кечиктирбей бат берет.
Тапкыч балдар ойлонуп,
Буга кандай ат берет?
(Дүкөнчү)

* * *

Өңү жылуу бул адам
Өчкөнүңдү күйгүзөт.
Эң керектүү учурда
Бир пайдасын тийгизет.

(Монтёр)

* * *

Тетикти бурасаң үйүңө келет,
Ар нерседен кабар берет.
Жаркылдап учурашып,
Жакшылап коштошот.
Мунун аты кандай делет?

(Теледиктор)

* * *

Жумушу акыл менен толгонмой,
Болбогонду жазат болгондой.
Эл урматтаган бул адамды
Кимиңер табасыңар көп ойлонбой?

(Жазуучу)

* * *

Бир киши атчан жүрөт,
Ар кимдин үйүн билет.
Кайрылып токтой калып
Кат берет, кабар берет.

(Почточу)

* * *

Билгенин жашырып катпайт,
Билимге умтулсаң мактайт.
Бул кандай мээримдүү адам,
Бир бала табат, бир бала таппайт.

(Мугалим)

* * *

Басып көрөт ичиңди
Ачып көрөт тишиңди
Ооруп калсаң эстейсиң
Эң керектүү кишиңди.

(Врач)

* * *

Талаа иши билгени
Темир тулпар мингени.
Май жыттанат колдору
Тапчы муну, ким деги.

(Тракторчу)

* * *

Бирин минип жүзүн айдайт.
Кышта суук бетин аймайт.
Кымыз ичкенде бир эстейсиң,
Бул ким пейили жаздай жайнайт.

(Жылкычы)

## ТАПЧЫ, КАЙСЫ ШААРЛАР!

Баш жагында «О» су бар,
Ортосунда тоосу бар.
Тапкылачы ойлонуп,
Татынакай кайсы шаар?

(Ош)

* * *

Аты «Жашыл жалбырак»,
Өзү «жашыл жалбырак»,
Гүлзарынын жанында
Күндө келип отурсаң
Кумарыңды кандырат.

(Фрунзе)

* * *

Аты менен отун жарасың,
Анда санда өзүң барасың.
Тапкандар күтө туруп,
Таппагандар картаны карасын.

(Кара-Балта).

* * *

Аталган саякатчынын атынан,
Жай алган көлдүн башынан.
Ата журтуң биле жүр
Азыркыдай жашыңан.

(Пржевальск).

* * *

Оңунда тоолор, солунда,
Тогуз жолдун тоомунда.
Шаарыңды бүт билсең
Шар айтканга сонунда.

(Рыбачье)

* * *

Ары өтүп токтоп,
Бери өтүп токтоп...
Качан келсең тосуп алат
Өз үйүңө окшоп.

(Токмок)

* * *

Көркөмү көңүл байлаган,
Атын алган дайрадан.
Кайсы экенин таппасаң
Картаны кара кайрадан.

(Нарын)

## ТАБЫШМАК ЫРЛАР

(Акростих[1])

Өзү баспайт,
Турат
Үйдө.
Кийсең — адаты жүгүрмө.

* * *

Катуулугу таштай
Актыгы кардай.
Нандай жей албайсың
Таттуу болсо да балдай.

* * *

Эрмен таттуу тамагы
«Чек» деген сөз билгени.

---

[1] Акростих — грек сөзү, ырдын баш тамгаларын өйдөтөн төмөн окуганда табышмактын жандырмагы чыгат.

Койду баштап жайытка
Ири алдыда жүргөнү.

* * *

Чик түшөт бир өкчөсөң,
Үч өкчөсөң айкүрү.
Кызыктырат оюнга
Өнөр эмес акыры.

* * *

Алты күнү суу ичпей
Талыкпастан жүрө алат.
Ак тикенди чайнаса
Нан жегендей кубанат.

* * *

Шуулдаган талаада
Аргымаксың билемин.
Мээрим берип мага да
Алыс жакты эстетет.
Лепилдеген илебиң.

* * *

Сүйлө деп аны суранба,
Үндө деп аны суранба.
Раазы болгон белгиси
Өңүндө дайым өзгөрбөй
Турганы турган дубалда.

* * *

Бакылдайсың, ойнойсуң,
Айланаңда көк камыш
Көлмө сенин мекениң
Алтын тоого алмашкыс.

* * *

Тегереги кайылган,
Ортолору сайылган.
Памир тоонун гүлүндөй
Уз колунан жаралган.

* * *

Таш басканда тайыбас
Аргымактын туягы
Кара темир болсо да
Абдан керек бу дагы.

* * *

Дайыма көккө умтулган
Адатың бар башынан.
Рахатын сатпаган,
Аптап күндөн сактаган
Көлөкөңө ашыгам.

## КЫЗЫК СӨЗДӨР

(Логогриф)[1]

Кандай сөздү айтабыз
Көмүр өңүн туюнткан.
«К» ордуна «Ч» койсок
Идиш айран уюткан.
(кара, чара)

* * *

Карагайдан сызылып
Чыгат эмне, жалтырап.
«Ч» ордуна «Ш» койсок
Оюн шоок артылат.
(Чайыр, шайыр)

* * *

Көптүгүндө ченем жок,
Катуу бир зат жолдогу.
«Т» ордуна «Б» койсок
Акыл ойдун чордону.
(Таш, баш)

[1] Логогриф — грек сөзү, бир тамганы алмаштыруу менен ырдагы сөздүн мааниси өзгөрүлөт.

* * *

Өсүп турат талаада,
Жел урунуп келет күү.
«Д» ордуна «Т» койсок
Буюм чачка керектүү.

(Дарак, тарак)

* * *

Атчан, жөөлөр, машина
Жүрүп турган ал эмне?
«Ж» ордуна «К» койсок
Иштеймин деп жеңдерин
Түрүп турган ал эмне?

(Жол, кол)

* * *

Унду, кумду тазалап
Элей турган ал эмне?
Баш жагына «Б» кошсок
Кубанычтуу күндөрдө
Бере турган ал эмне?

(Элек, бөлек)

* * *

Токуп минип ар дайым
Тоо-тоолордон ашабыз.
Баш жагына «Б» кошсок
Дайым алга шашабыз.

(Ат, бат)

* * *

Же оротой, же толук,
Кечки асманды карачы.
Баш жагына «Т» койсоң
Ал кулундун агасы.

(Ай, тай)

* * *

Бир айтканга карасаң
Добуш чыгат «тарс» деген.
Төрөлгөндө адамга
Ыйгарылат салт менен.

Ээр токуп жүгөндөп
Эртели кеч минесиң.
Айтсаң окшош, а бирок
Мааниси бар бөлөкчө,
Муну кандай билесиң?

(Ат)

* * *

Акка каршы жаралган
Өзү дагы аты да.
Буйрук берет, «көз чаптыр
Жан жагыңа артыңа!»

(Кара)

* * *

Кара түстү жактырбайт,
Түк кирдетпейт эч өзүн.
Бир айтканын аткарсаң
Сууда калкып кетесиң.

(Ак)

* * *

Көздөн агат мөлтүрөп:
Кайгырабыз, күлөбүз.
Анан кайра карасак
Ким канчада билебиз.

(Жаш)

* * *

Багелегиң түрүнүп
Суудан өт дейт тартынбай.
Бир айтканын карасаң
Батаар күндү көрөсүң
Эрип турган алтындай.

(Кеч)

* * *

Сөздү алалык «кел» деген,
Бир тамгасын өзгөртсөк
Калкып калат жел кемең.
Дагы башка тамга кой
Мүчөң болуп алат ал.
Эми дагы өзгөртсөң
От жакканда калат ал.

(көл, кол, күл)

Бир маанисин карасаң
Жашырып кой деп айтат.
Бир маанисин карасаң
Алыстагы адамың
Кагаз менен кеп айтат.

(Кат)

* * *

Өзү жоош атындай,
Оттоп келет.
Бир мааниси —
Таштагын, токтот демек.

(Кой)

## БУЛ ТАБЫШМАКТАРДЫ ТАПСАҢ, БАШ ТАМГАЛАРЫНАН КЫРГЫЗ КОМПОЗИТОРУНУН АТЫ ЧЫГАТ.

Мен эгинмин жайылган
Көркүн ачкан талаанын.
Бир тамганы өзгөртсөң
Үн чыгарып ойногон
Аспап болуп каламын.

(Арфа)

Бирде керип чоюшат,
Бирде жыйып коюшат.
Мен жараткан добушту
Угуп курсант болушат.

(Баян)

Комузга тууган боломун
Коңгуроо добуш обонум.
Колуңа алып черткенде
Кубанат үйдө коногуң.

(Домбра)

Нан эмесмин жегидей,
Суу эмесмин ичкендей.
Бирок менсиз тойлордун
Кызыгы жок кенедей.

(Ыр)

Байыркы грек элине
Добушум менен жагыпмын,
Ыр күүлөрдүн бу күндө
Символу болуп калыпмын.

(Лира)

Таң агарып кеч кирип
Нур жараткан күн болот.
Курастырып сөздөрдү
Ыр жараткан ким болот?

(Акын)

Кээде оркестр менен
Кээде жалгыз
Концерт берет
Уккандар унуталгыс.

(Скрипка)

* * *

Жарык кылып ааламды
Жанып турат бир чырак.
Атыр жытын аңкытып
Аны карап гүл чыгат.
Жан-жаныбар жактырат
Бирок
Жакындашат ким чыдап.
Чогуу баарың келгиле
Муну айтып бергиле.

(Күн)

* * *

Тоо ичинен торолуп
Токтолбостон жүгүргөн,
Керегиңе жаратсаң
«Келдим мен!» деп сүйүнгөн.
Аштык айдап атакем
Кетмен алып түрүнгөн.

Эң керектүү бул эмне,
Эстеп баарың көргүлө
Атын айтып бергиле.

(Суу)

* * *

Кулагы жок,
Тили жок,
Кургактыкта күнү жок,
Култулдатып кармасаң
Кыйкырууга үнү жок.
Көбөйткүлө, баккыла,
Мунун атын тапкыла.


(Балык)

* * *

Жипти өзүнөн алат,
Шашпай торун жаят,
Чалынган бечераны
Чыгарбайт, койбойт аяп.
Көмүскө кычыкта жашайт
Мунун атын ким атайт.

(Жөргөмүш)

# ЖАҢЫЛМАЧТАР





* * *

Апам алмадан үчтү үздү,
Алмуруттан үчтү үздү.
Жетпегенин күбүсө
Жерге баары түз түштү.

* * *

Эл тегирменге келди.
Эртең менен
Энтеңдегенде эмне деп
Элге тең мен келдим.

* * *

Баштаса эле
Кашка кой баштасын.
Айланып өтөт
Адырдын аз ташын.
Кайтарбасаң да болот
Кашка койдон башкасын.

* * *

Көрөм деп тоонун көчкүсүн
Көп короттум көз күчүн.
Карлар жатты кебелбей
Сезген өңдүү өз күчүн.

* * *

Таш тепшинин жанына
Пас тепшини коюп,
Сууну
Таш тепшиден

Пас тепшиге куюп,
Пас тепшиден
Таш тепшиге куя бересиңби?

* * *

Темираалы Өмүраалыга барса
Өмүраалы көмүр алганы кетиптир.
Көмүр алса көмүр ала берет деп
Темираалы Өмүраалыныкына кала берет.

* * *

Койго козу кошулбасын,
Козу койго кошулбасын деп
Тактап коёлу — ошол башын.

* * *

Жар боорундагы жарганаттын
Ар канатында тырмай турган тырмагы бар.
Ар канатында тырмай турган тырмагы болбосо,
Жар боорунда тырмышып турбайт эле.

* * *

Көл толкундарын олтургандарга түртөт,
Олтургандар толкундарды түртөт.
Толкундар олтургандарды түртөт,
Олтургандар толкундарды түртөт.

* * *

Абайлабасаң
Пароходдун барасынын
Арасында каласың да,
Же ошого барасыңбы?!

* * *

Алар аралда жаралды десем,
Аралда алар жаралбай эле таралган экен.

* * *

Биз аралга баралбагандан кийин,
Алар аралга баралмак беле?!

* * *

Балык кайырмакты
Кайырмак же
Кайырмак эмес деп
Айырмак беле,
Кайырмакты
Айырса
Каймактай аймамак беле?!

* * *

Ала шалбыртта алмурут жегиң келсе
Ала жаздан алаканыңды алакалабай иште.

* * *

Ишти
Жаз башынан
Башташыбыз керек,
Жаз башынан баштабасак
Ташташыбыз керек.

* * *

Качпаган баспагандан озуптур,
Баспаган шашкаландын жолун тосуптур.

* * *

Ак топту көк топ кууду,
Көк топту ак топ кууду.
Көк топко ак топ тийсе
Ак топ токтоп турду.

* * *

Ашымбай асканы ашты,
Аштым деп аскадан Ашымбай
Таштарды такандап турду жашынбай.

* * *

Эчки сакалын экчесе
Эчкини ким эстесин.
Кой кайталы корooго
Болуп калды кеч бешим.

* * *

Айна айылда десек
Алайга кетиптир.
Алайга кеткенде
Далайга кетиптир.

* * *

Алым алманы көрүп
Кызыга баштады.
Алым алманы алам деп,
Асылып кала таштады.

* * *

Көп карышкыр
Көк карышкырды талап,
Көк карышкыр
Көп карышкырды кабат.

* * *

Качкан балага
Баскан бала жетип,
Качкан баладан
Баскан бала озуп кетти.

* * *

Энелерин желеге айда,
Желедегилерди ээнге айда.
Желеге жети бээ жетти,
Ээнге эки бээ кетти.

* * *

Кулубай кумалак чертсе
Кулун куйругун серпти.
Кулубай кулунду куйруктан алса
Кулун Кулубайды бир тепти.

* * *

Айды айлангандар
Айылына кайрылды.
Айлана албагандар
Аябай кайгырды.

* * *

Жалды жалгыз жалдасаң
Жалгыз жалда.
Жалды жалгыз жалдай албасаң
Жанына жакын барба.

* * *

Коёндон кой үркүп,
Койдон коён дирилдейт.
Койдон корккон коён
Жанын кайда коёрду билбейт.

* * *

Калчанын канча алчасы бар,
Калчанын канча алчасы болсо да
Бизге анча алчаны
Калча кайдан табат.

* * *

Жайда айла ойло,
Жайда тапсаң айласын
Кышта көргүн пайдасын.

* * *

Алыста алты тоо бар,
Алты тоонун артында
Кырка тоо бар.
Кырка тоодо кырк бөрү
Кырк бөрүнү ким атат.
Кыркын издеп жүргүчө
Кылкылдаган күн батат.

* * *

Күчтү күтчү болбо,
Күчтү күтчү болсоң
Күтө бересиң, күтөсүң.
Күчтү күтүп
Качанга түтөсүң.

* * *

Ашык ташып кашыкты,
Ачык ташытты.
Кашыкты ашык ташыгандар
Ташыганга ашыкты.

* * *

Күздө түздөрдүн
Түсү өзгөрдү.
Түздөрдүн түсү өзгөргөнүн
Биздин көз көрдү.

* * *

Кыш кысканда
Кеч кысты,
Кыскан кыш
Кыса берсин деп
Тоотпой койдук эч кышты.

* * *

Калык алты
Балык алыптыр.
Алты балык алган Калыктыр,
Балыктан алтыны алам деп
Калык кайыкта калыптыр.

* * *

Кечээкидей кечигүүнү
Кечирбөөнү чечишти.
Кечээкидей кечигүү,—
Чечпейт экен эч ишти.

* * *

Эсеп оңой чечилет
Эгер кулак төшөсөк,
Антпегенде кечигет
Алуу, кошуу беш эсеп.

* * *

Кечээ күнү кечте сен
«Учкан өрдөк беш» десем
Күңкүлдөп күдүктөнгөнүңдү
Күлкүм келет эстесем.

* * *

Карга калба
Арга барда,
Арга барда алгала.
Карга калсаң каргалар
Каткырышат анда алар.

## МАЗМУНУ


Биз бактылуу балдарбыз . . . . . . . . . . 5
Бийик үйдө турабыз . . . . . . . . . . . 5
Баатыр коңуз баяны . . . . . . . . . . . 6
Тоого чыктык . . . . . . . . . . . . . . 7
Жамгыр . . . . . . . . . . . . . . . . 7
Саман . . . . . . . . . . . . . . . . . 8
Баштаң . . . . . . . . . . . . . . . . 8
Балыкчылар . . . . . . . . . . . . . . 9
Коон уурдаганда . . . . . . . . . . . . 9
Байламта . . . . . . . . . . . . . . . 10
Бүлдүркөн . . . . . . . . . . . . . . 10
Куруучулар . . . . . . . . . . . . . . 11
Көл жээгинде . . . . . . . . . . . . . 11
Күзгү . . . . . . . . . . . . . . . . 12
Алмалар . . . . . . . . . . . . . . . 12
Жазылганды унутпайм . . . . . . . . . . 13
Чүкөлөр . . . . . . . . . . . . . . . 13
Жалганбай . . . . . . . . . . . . . . 14
Суусамырга барган жол . . . . . . . . . 15
Жыл — он эки ай . . . . . . . . . . . 20
Январь . . . . . . . . . . . . . . . . 20
Февраль . . . . . . . . . . . . . . . 21
Март . . . . . . . . . . . . . . . . 21
Апрель . . . . . . . . . . . . . . . 22
Май . . . . . . . . . . . . . . . . . 23
Июнь . . . . . . . . . . . . . . . . 23
Июль . . . . . . . . . . . . . . . . 24
Август . . . . . . . . . . . . . . . 24
Сентябрь . . . . . . . . . . . . . . 25
Октябрь . . . . . . . . . . . . . . . 25
Ноябрь . . . . . . . . . . . . . . . 26
Декабрь . . . . . . . . . . . . . . . 27
Жолугушуу . . . . . . . . . . . . . . 27
Чымчык . . . . . . . . . . . . . . . 28
Комсомол — биздин агабыз . . . . . . . 28
Туугандарым . . . . . . . . . . . . . 29
Кыйын суроо . . . . . . . . . . . . . 30
Жылуу таш . . . . . . . . . . . . . . 30
Куттуу болсун майрамың! . . . . . . . . 31
Күч сынашып көрөлү . . . . . . . . . . 32
Жааган кар . . . . . . . . . . . . . . 32
Түндө кимдер уктабайт . . . . . . . . . 33
Жалганбайдын бир күнү . . . . . . . . . 34
«Байчечекей» . . . . . . . . . . . . . 35
«Сүрүп коюп тактаны...» . . . . . . . . 35
«Моделибиз уча алат...» . . . . . . . . 35
«Агабыздын соңунан...» . . . . . . . . . 36

Ким болот? . . . . . . . . . . . . . . . 36
Комбайн . . . . . . . . . . . . . . 37
Чоң апа . . . . . . . . . . . . . . 37
Кулун . . . . . . . . . . . . . . . 37
Жаңы булак . . . . . . . . . . . . . 38
«Тулаң чөптөн жедирген...» . . . . . . . . 38
«Бийик-бийик үйлөрдү...» . . . . . . . . 39
Табышмактар . . . . . . . . . . . . . 41
Тапчы, кайсы шаарлар? . . . . . . . . . . 48
Табышмак ырлар . . . . . . . . . . . 49
Кызык сөздөр . . . . . . . . . . . . 51
Бул табышмактарды тапсаң баш тамгаларынан кыргыз композиторлорунун аты чыгат . . . 54
Жаңылмачтар . . . . . . . . . . . 57

**Жайлообек Бекниязов**

**ТЕПЛЫЙ КАМЕНЬ**

*Стихи, загадки, скороговорки*

ДЛЯ ДЕТЕЙ МЛАДШЕГО ШКОЛЬНОГО ВОЗРАСТА

*(На киргизском языке)*

Издательство «Мектеп»

Редактору *Ж. Бектуров.* Сүрөтчүсү *А. Ботоканов.* Сүрот редактору *Ю. Ким*
Техн. редактору *Р. Мукамбетова.* Корректору *Н. Абдиева*

ИБ № 2564

Терүүгө 15. 09. 82. берилди. Басууга 23. 12. 82. кол коюлду. № 1 типография кагазы. Кагаздын форматы $60 \times 90^1/_{16}$. «Мектеп» ариби. Жөнөкөй ыкма менен басылды. 4,0 физ. басма табак, 4,0 шарттуу басма табак, 2,82 учёттук басма табак, 4,313 шарттуу боёк түшүрүү. Нускасы 4000.
Заказ № 423. Баасы 15 т.
«Мектеп» басмасы.
720361, ГСП, Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.

~~15 т.~~ 0,30